**КАРА-СУУ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ**

**КАРА-СУЙСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ**

723300 Кара-Суу ш., Завод к. 2
тел.: 03232-50880, факс: 03232-50880
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

723300 г.Кара-Суу, ул.Заводская 2
тел.: 03232-50880, факс: 03232-50880
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

# №30 ЧЕЧИМ

2021-жылдын 20-апрели Кара-Суу шаары

Катышышты:
Кара-Суу АШКнын төрагасы К.Кимсанов,
Кара-Суу АШКнын катчысы – Ж.Молдожанова
мүчөлөрү - Султанов Н., Мойдунов Т., Раева Ы., Таев А., Абдраимова Э., Абдурасулов М., Мамашев М., Кадыров К., Мамашев М., Карабаев Т., Акимбаев С.

Сары-Колот айыл аймагынын жашоочусу Ш.Акматалиев

**Күн тартиби:**

1. **Сары-Колот айыл аймагынын Шерали айылынын тургуну Ш.Акматалиевдин арызын кароо**

**Угулду:** Кара-Суу АШКнын төрагасы К.Кимсанов – Урматтуу кесиптештер. 2021-жылдын 13-апрель күнү Кара-Суу районунун Сары-Колот айыл аймагынын Шералы айылынын тургуну Ш. Акматалиев арыз менен кайрылып, анда 2021-жылдын 11-апрель күнү болуп өткөн жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоодо Ош облусунун Кара-Суу районунун Сары-Колот айыл аймагында мыйзам бузуулар болгондугун айтып, Сары-Колот айыл аймагынын өкмөт башчысы А.Макеев жана анын орун басары Э.Айтикеев, Сары-Колот айылдык кеңешине талапкер Б.Кулботоев жана анын командасына Шералы айылынын жайыт жерин чек кылып, 140 адамга чек берүүгө оозэки документи жок беришкендигин, алар шайлоочуларга бөлүштүрүп беришкендиктен, талапкерлер тең укуктуу болбогондугун айтып, шайлоо мыйзамсыз өттү деп билдирген. Арыз ошол эле күнү Кара-Суу райондук ички иштер бөлүмүнө жиберилген.

Кара-Суу райондук ички иштер бөлүмү текшерүү иштерин жүргүзүп, төмөнкүдөй билдирди. Сары-Колот айыл өкмөтүнүн орун басары Э.Айтиев өзүнүн көрсөтмөсүндө, Ш.Акматалиевдин арызы боюнча эч кандай маалыматы жок экендигин жана Шералы айылынидагы жайыт жери 140 адамга оозеки, чек катары берилбегендигин жана андай маалымат катталбагандыгын билдирген.

Ал эми арызда аты аталган Б.Кулботоев өзүнүн көрсөтмөсүндө, Ш.Акматалиевдин айткан маалыматтары жалган экендигин Шералы айылындагы жайыттан эч кандай оозэки келишим менен жер албагандыгын билдирип шайлоонун мыйзамдуу өткөндүгүн айткан. Текшерүүнүн жүрүшүндө, жогорудагы аталган фактыда кылмыштын жана жоруктун белгилери аныталбагандыктан, аталган маалымат 2021-жылдын 14-апрель күнү НД-034-2021-000121 сандуу номенклатуралык ишке тиркелип сактоого берилген.

Жогорудагылардын негизинде, Ш.Акматалиевдин арызындагы фактылар аныкталбагандыктан, шайлоо мыйзамдын негизинде өттү деген сунушту добушка койом.

Сунуш добушка салынды:

**Макул – 12,** **Каршы – __.**

Сунуш бир добуштан кабыл алынды.

**Кара-Суу АШКсы күн тартибиндеги маселени талкуулап**
**Чечим кылат:**

1. Сары-Колот айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоодо Шералы шайлоо округунда добуш берүү мыйзамдын негизинде өткөндүгү белгиленсин.

2. Чечим Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына билдирилсин.

**Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы** **К.Кимсанов**

**Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы** **Ж.Молдожанова**